# «БИЗ МЕКЕНДИ САКТАЙБЫЗ»

Созу: Жолдошбек Бузурманкулов

Обону: Туратбек Дуйшеев

Мекеним ак мөнгүлүү Кыргыз жерим,

Ак калпак Ала-Тоолук Кыргыз элим.

Жүрөктүн тереңинде сени сактап,

Жылытат кайда болсо сенин демин.

Кайырма:

Мен уулунмун сени сактаган,

Эрдиктерге өзун таптаган.

Чекте туруп чептен бек болуп,

Сага берген антты аткарам.

Мекеним Ала-Тоону бек сактайбыз,

Эч качан эл үмүтүн биз сатпайбыз.

Көтөрүп мекен жүгүн эрдик менен,

Кыргыздын ишенимин биз актайбыз.

Кайырма:

Мен уулунмун сени сактаган,

Эрдиктерге озун таптаган.

Четке туруп чептен бек болуп,

Сага берген антты аткарам.